КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

НООКЕН РАЙОНДУК
ЭТНОСТОР АРАЛЫК
МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
КООМДУК КАБЫЛДАМАСЫ
721200,Ноокен району Масы айылы
Турдумбетов көчөсү-37
тел.(03734)-5-07-91, 0770-222-062
Эл.адрес:nookenetnos@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ОБЩЕСТВЕННАЯ ПРИЕМНАЯ
ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА
ПО ДЕЛАМ МЕЖЭТНИЧЕСКИХ
ОТНОШЕНИЙ В НООКЕНСКОМ РАЙОН
721200, Ноокенский район с.Масы
ул. Турдумбетова-37
тел.(3734) 5-07-91,0770-222-062
Эл.адрес:nookenetnos@mail.ru

"25" сентябрь 2017-жыл №4

Кыргыз Республикасынын Шайлоо
жана референдум откоруу боюнча
борбордук комиссиясынын торагасы
Н.К.Шайлдабековага

КАЙРЫЛУУ!

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер О.Бабанов 2017-жылдын 28-сентябрь куну Ош шаарынын «Он-Адыр» айылында эл менен жолугушуу мезгилинде озбек, кыргыз элинин ортосуна доо келе турган созду суйлоп кандайдыр эл арасына чыналуу жараткандай болду. Ал создор томондогудой озбек эли чоголоп жашаганча тике туруп олуу керек, силер баарыныздар чолулуп бирдикте селдей каптасанар силерди эч ким токтото албайт (**кимге карышы коюлуп жатат**) эгер кочодо бир озбек улутундагы адамды милиционер кармаса ал милициоерди токтосуз жумуштан бошотомун деген создор айтылгандан кийин озбек улутундагы бир жаран чыгып сиз туура айтасыз жолугушууда жалан кыргыз элим деген создор айтылат эмне кыргызтанда башка улуттун окулдору жашабайбы деген создор айтылды.

Эки элдин ортосуна булук салып, нээти бузуктарга шарт жаратууга аракет кылган Президенттике талапкер О.Бабановка саясий жана юридикалык баа берилишин суранабыз.

Ноокен районунун этностор аралык мамилелер боюнча коомдук-консультативдик кенештин чукул олтурумунун протоколу тикелет.

Урматтоо менен,

Коомдук кабылдаманын
жооптуу катчысы : А.Курманкулов

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-8/2502
„30" 09 20 17 ж/г

Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын алдында тузулгон этностор аралык мамилелер боюнча коомдук-консультативдик кенештин чукул олтурумунун

№3 ПРОТОКОЛУ

Масы айылы 2017-жылдын 29-сентябры

Торагалык кылуучу: Д.Бекжанов: -коомдук-консультативдик кенештин торагасы;

**Катышкандар :** Коомдук-консультативдик кенештин мучолору, акимдин социалдык маселелер боюнча орун басары Н.Бегжигитова.

**Кун тартибинде каралуучу маселе.**

1.2017-жылдын 28-сентябрь куну Ош шаарынын Он-Адыр айылында КР Президенттигине талапкер О.Бабановдун эл менен болгон жолугушуусунан тартылган видеоролик жонундо.

Жыйынды коомдук-консультативдик кенештин торагасы ачып, кенештин кун тартибинде каралуучу маселеге токтолуп, созду маалымат беруу учун Коомдук кабылдаманын катчысы А.Курманкуловко берилди. Жолдоштор Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Омурбек Бабановдун Ош шаарынын «Он-Адыр» айылылында эл менен жолугушуусунда кыргыз озбек элинин ортосуна от жаккан менен барабар соз айытылганына кубо болуп олтурабыз анда мындай деген соз суйлонгон озбектер чоголоп жашаганча тикс туруп олуу керек, эгер озбек улутуна милиция кызматкери тийс турган болсо ошол милиционерди тезинен жумуштан бошотомун,эгер силер бир болуп селдей каптасанар силерди эч ким кармай албайт деген создордрн кийин, озбек улутундагы бир жаран чыгып Бабановдун айткан создоруно ыразы болуп сиз туура айтас азыр шайлоо угутундо жалан эле кыргыз элим деген создор айтылат эмне башка улуттар айтылбайт мына сиз кыргызстандыктар деп айтасыз деген созун айты.

Коомдук кабылдаманын жооптуу катчысы А. Курманкуловдун маалыматын угуп, кабылдаманын мүчөлөрү өз ойлорун томондогудой билдиришти:

**Бекжигитова Н. А.** – Урматтуу бүгүнкү жыйындын катышуучулары, коомдук кенештин мүчөлөрү, бул бүткүл кыргызстандыктарды күтүүсүз жерден бүлүккө салган маалыматты биздин райондун эли да тынчсызданcуу менен кабыл алып, эл арасында катуу сөз болуп жатат. "Баарыңар бирге чыксаңар эч ким эч нерсе кыла албайт. Эл деген – сел. Бардыгы бирге чыкса каптап кетет" – деген сөз чакырык катары кабыл алынбаш керек. Эл арасында тез арада түшүндүрүү иштерин жүргүзгүлө. Бир туугандай ынтымактуу жашап жаткан эки элдин арасында жарака кетүүгө мүмкүн эмес.

Жакында эле Өзбек, Кыргыз Президенттеринин жолугушуусу болуп, чек аралар ачылып, биздин райондун тургундары да Өзбекстандагы тууганларына машиналары менен өтүшүп, барып келип жатышкандары үчүн ыраазы болушуп, сүйүнүп жатышса, анан бүгүн эле ушундай эки элди кайраштырып, козутуп жаткандары кудайга да жакпайт.

**Холматов Мирказимжан** – мен Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Өмүрбек Бабановдун Ош шаарынын Он-Адыр айылында шайлоочулар менен жолугушуусунда сүйлөгөн сөзүн интернеттен көрүп, кала берсе мына ушул жыйналышта угуп отуруп, катуу капа болдум. Менин улутум өзбек. Мына ушул Масы айылында туулуп-өсүп, ата-энем кыргыз туугандар менен өмүр бою дос-жар, куда-сөөк болуп келишкен. Биз да ошондой ынтымакта жашап жатабыз.

Өзбек-кыргыздын арасына Өмүрбек Бабановго окшогон арачылардын кереги жок. Биз ушуга окшогон эл бузарлардын айынан башыбыздан кандай гана оор күндөрдү өткөрдүк. Бир туугандай ынтымакта жашап жаткан эки элдин арасына 2 жолу бүлүк салышты. Ошол күндөрдө эки тараптан тең карапайым калк гана кыйынчылык тартты. Өзбек-кыргызды согуштуруп коюп, уюштуруучулар качып кетишти. Эми гана жарасы айыгып келаткан эки элди дагы козутууну каалаган Бабановдун Он-Адырда сүйлөгөн сөзүн кескин сынга алып, туура эмес деп эсептейм.

Мындай талапкерлерди керек болсо президент эмес, майда иштерге да койбош керек. Анын талапкерлигин азыр эле алып коюш керек деп ойлойм. Эгерде ал Президент болуп калса, кудай сактасын, кандай болорун элестете албай калдым. Өзбек улутуна эч ким күйөрман болбой эле койсун, биз өз өлкөбүздө каалагандай, эркин жашап, эркин иштеп жатабыз, жашообуз эң жакшы. “Чөгөлөп туруп жашаганча – тике туруп өлгөн жакшы” – деген сөзү бизди аябай иренжитти. Биз чөгөлөп жашап жатыптырбызбы? Бизди эмне үчүн кемсинтет. Керек болсо тез арада эки элден тең кечирим сураш керек.

**Райимбекова Бурайма** – мындай чакырык өтө кооптуу жана коркунучтуу. Президент болом деген талапкер ар бир сөзүнө терең маани берип, ойлонуп сүйлөш керек. Себеби, алардын ар биринин сөзүн эл дыкаттык менен угуп, талдап, баалап, анан өз добушун берүү үчүн күтүп жатышат.

Өмүрбек Бабановдун Он-Адыр айылында өзбек калкы менен жолугушуу учурунда аларга таштаган чакырыгы өзбек-кыргыз элинин чачын тике тургузду. “Бир карын майды бир кумалак чиритет” – дегендей Бабановдун сөзүн ошол эле замат: “Бабанов туура айтат. Башка чоңдор “Кыргыз элим” – деп сүйлөйт, бул болсо “Кыргызстандык элим деп жатат” – деп тескери саясатка айландыргандар да чыкты. “Кыргыз элим” – деген сөздүн ичинде бардык эл жатат, кыргызстандыктардын баары кыргыз эли экендигин түшүнгүсү келбегендер эки элди дагы будуң чаңга салып, бир балакетти баштап ийбесине ким кепил боло алат. Президент болууну каалагандар ушундай чакырык таштап жатса, алардан дагы кандай жакшылыкты күтүүгө болот.

**Д.Бекжанов:** Урматтуу кеңештин мүчөлөрү! Дагы кимде кандай сунуштар бар? Сунуш жок болсо, жыйынды аяктасак.

Жогорудагылардын негизинде райондук мамлекеттик администрациясынын алдында түзүлгөн этностор аралык мамилелер боюнча коомдук-консультативдик-кеңештин олтуруму

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер О.Бабановко саясий жана юридикалык баа берилиши керек.
2. Токтомдун кочурмосу куч органдарына саясий баа берилиши учун атайын кайрылуу каттары жонотулсун.

Коомдук-консультативдик кенештин торагасы: Д.Бекжанов

Коомдук кабылдаманын катчысы: А.Курманкулов